Баткен облусу, Кызыл-Кыя шаары

Караван айылы М.Куренкеев атындагы

орто мектебинин педагогикалык

кеңешмесинин №3

протоколу

19.01.2018

Кызыл-Кыя шаары

Караван айылы

Төрайым Мусаева Р

Катчы Бакирова М

Катышкандар 30 мугалим

**Күн тартиби:** 1. Шыктуу балдар менен иштөөнүн жыйынтыгы

2. 11-класс окуучуларынын математика жана кыргыз тилинен алынган тесттин жыйынтыгы

3. Усулдук бирикмелердин жарым жылдык отчёту

**1. Угулду:** Амракулова Г(окуу бөлүмүнүн башчысы) Шыктуу балдар менен иштөөнүн жарым жылдык жыйынтыгында жалпысынан мугалимдердин пландары түзүлгөн. Ар бир мугалим түзгөн планы боюнча иш алып барып жатышат. Алардын ичинен мыктылары тандалып шаардык олимпиадаларга катышып, байгелүү орундарга ээ болгон окуучулар да бар. Атап айтканда физика сабагынан 11-б классынын окуучулары Жолдошова А 2-орун, Тажибаева М 3-орун, 10-а классынын окуучусу Зулпукааров Т 3-орун, биология сабагы боюнча 9-б класстын окуучусу Маматова Б 1-орунду ээлеп келишти.

**Сөзгө чыкты:** Башталгыч класс мугалими Ташева Н Эмне үчүн башка предметтерден олимпиададан орундар алынган жок? деген суроо узатты. Бул суроого орус тили жана орус адабияты мугалими Шайдуллаева А биздин окуучулардын упайлары бир аз гана жетпей калып жатат. М: орус тили жана кыргыз тили да ушундай. **Мен буга төмөнкүдөй сунуш киргизээр элем**, мугалим же окуучу гана аракеттенбестен ата-эне да өтө кызыкдар болуусу керек деп эсептеймин.

**Токтом кылынды:** **1.** Ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилсин шыктуу балдар менен үзгүлтүксүз иштөө жагы

**2.** Предметтик мугалимдерге олимпиадага катышуучу окуучуларга сентябрь айынан баштап эле кошумча сабак өтүүсү милдеттендирилсин.

**3.** Окуу бөлүмүнүн башчысы Г.Амракуловага жүктөлсүн шыктуу балдар менен иштөө иштерине көзөмөл жүргүзүү жагы.

**2. Угулду:** Экинчи маселе боюнча 11-а жана 11-б класстарын кыргыз тили жана адабияты, математика сабактарынан тест алышкан Бакирова М жана Ажибаева И билдирүү жасашты. Бул предметтерден тест алынып окуучулардын билими текшерилди. 11-а жана 11-б класстардын билимдери көңүл жибитерлик экенин белгилешти. Жыйынтыгында төмөнкүдөй көрсөткүчтү берди.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кыргыз тили боюнча: | 11-а класс | “5”-3, “4”-9, “3”-6 | Б/с – 72% |
| | 11-б класс | “5”-4, “4”-10, “3”-3 | Б/с – 73% |
| Кыргыз адабияты б-ча: | 11-а класс | “5”-5, “4”-9, “3”-4 | Б/с – 67% |
| | 11-б класс | “5”-1, “4”-9, “3”-8 | Б/с – 52% |
| Математика боюнча: | 11-а класс | “5”-9, “4”-5, “3”-6 | Б/с – 70% |
| | 11-б класс | “5”-9, “4”-5, “3”-3 | Б/с – 82% |

**Сөзгө чыкты:** физика мугалими Абдразакова Бүсайра 11-а жана 11-б класстардын кыргыз тили жана адабияты, математика сабактары боюнча билим сапаты кубанарлык экен. Демек ЖРТдан көрсөткүч жакшы болот деп үмүттөнөлү. Ошого карабай эки предметтен сабак өткөн мугалимдер кошумча сабакты үзгүлтүксүз өтүшсүн. Менин айтаарым да сунушум да ушул.

**Токтом кылынды:**
1. 11-а жана 11-б класстарынын кыргыз тили жана адабияты, математика сабактарындагы билим сапаты “жакшы” деп табылсын.
2. кыргыз тили жана адабияты,математика сабактарынан 11-а жана 11-б класстарына сабак өткөн мугалимдерге милдеттендирилсин кошумча сабак өтүп, ЖРТга даярдоо жагы.

**3.** Ар бир усулдук бирикменин жетекчилери тарабынан жарым жылдык отчёт берилди.
**Табигый усулдук** бирикменин жетекчиси Джеенбаева Г маалымат берип төмөнкүлөргө токтолду. Биздин ар бир усулдук бирикменин мүчөлөрү түзүлгөн план менен иштеп келе жатышат. Негизгиси шыктуу балдар менен иштөөнүн натыйжасында шаардык олимпиадада 9-класс окуучусу 1-орунду ээледи.

**Математика,физика жана информатика** усулдук бирикмеси боюнча у/бирикмесинин жетекчиси Ажибаева И билдирүү жасады. У/бирикменин мүчөлөру үзгүлтүксүз иштешет. Айрыкча логикалык маселелдерди чыгарууга басым жасашат. Натыйжада Абдразакова Б физика сабагынан даярдаган 11-б классынын окуучусу 1-орунду ээлеп, областтык олимпиадага катышып келди.

**Тарых жана маданият** усулдук бирикменин жетекчиси Кадырова Ч маалымат берди. 1.Тил майрамына карата сүрөт сынагы
2. Күз майрамына карата экобана жасоо
3. Жаңы-Жылга карата оюнчуктарды жасоо
4. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата чыгармалардан сүрөт тартуу сынагы уюштурулду.

**Кыргыз тили жана адабияты** усулдук бирикмесинин жетекчиси Бакирова М билдирүү жасап төмөнкүлөргө токтолду. Биздин усулдук бирикме тынымсыз иштейбиз деп эсептеймин.Себеби: бирикмеден тышкаркы планда жок иштерди да көбүрөөк аткарабыз. Сентябрь Тил майрамы башталат, мына ошондон баштап иштей баштайбыз. О.э. план да түзүлөт, белгиленген тест, викторина, практикалык иштер, жыйынтыктоочу, текшерүү иштери алынып, ай сайын жыйынтыкталып турат. Шыктуу балдар арасында жарым жылдык отчёт иретинде “Мен эмнеге жетиштим?” деген темада эссе алынды. Шыктуу балдар менен гана иштеп чектелбестен начар окуган окуучулар менен иштөө да жакшы жолго коюлган. Мисалы: кол жазмасы начар, грамматикалык жактан туура эмес жазган окуучулар менен үзгүлтүксүз иш алып барылат.

**Токтом кылынды:**
1. Ар бир усулдук бирикменин аткарган иштери кемчилдиктерди эске алуу менен “ канааттандырарлык ” деп табылсын.
2. У/бирикмелердин жетекчилерине милдеттендирилсин аткарылбай калган аткаруу жагы.
3. Ар бир у/бирикме аткарган иштерине көзөмөлдөө жагы окуу окуу бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн.

Төрайым : Р.К.Мусаева

Катчы : М.К.Бакирова